УДК: 1.091.(575.2)(04)

Токоева Г.С.
*ЖАМУ, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы*

# БАРПЫ АЛЫКУЛОВДУН ЭСТЕТИКАЛЫК КӨЗ КАРАШТАРЫ

*Макалада кыргыз элинин белгилүү акын-ойчулу Барпы Алыкуловдун эстетикалык дүйнөкабылдоосу талдоого алынды. Ошондой эле сулуулук, сонундук, коздук түшүнүктөрү философиялык рефлексияда изилденет.*

*This article analyzed poet-thinker BarpyAlykulov's aesthetic perception of the world. And on the basis of philosophical reflection it studied poet's understanding on beautifulness, gloriousness and loftiness.*

Кыргыз элинин коомдук-философиялык ойлорун изилдөө көрсөткөндөй, ар бир адам индивидуалдуу, дүйнөтаанымы да өзүнчө кайталангыс. Ошондуктан канча адам болсо, ошончо жеке дүйнөтааным калыптанат. Ал курчап турган дүйнөнү, коомду ж.б. өзүнчө кабылдап, кайра элестетүү мүмкүндүгүнө ээ болот. Ар бир адам муундар аркылуу берилип келген эмпирикалык билимдерге, салттуу тажрыйбага, турмуштук практикага, башка адамдардын таанып билүүчү ишмердигине негизделет жана анда мамилелердин динамикалык көп ченемдүү, көп деңгээлдүү системасы жаралат. Натыйжада, белгилүү бир турмуштук позиция иштелип чыгат, ишенимдер, идеалдар, таанымдын жана ишмердүүлүктүн принциптери, баалуулуктар тутуму калыптанат.

Элдик акындарынын катарында турган Барпы Алыкуловдун эстетикалык көз карашында чындык сезимдик-эмпирикалык формада кабылданат. Анын дүйнөтаанымынын бул деңгээлинде эстетикалык аңдап билүү, эстетикалык кабылдоо, эстетикалык элестөөлөрү жаралат. Чыгармаларынын негизги жобосу болуп “сулуулук”, “коздук” “сонундук”, “керемет” идеялары эсептелет. Акын болмушту көркөм формада чагылдырып, философиялык категориялар аркылуу эмес, конкреттүү образдар менен ой жүгүртөт. Бирок сонундук жөнүндө, сулуулуктун жана сүйүүнүн күчү жөнүндө, көрксүздүк жана иренжигендик тууралуу ойлору философиялык маани-маңызга ээ. Адам жашоосу, анын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү, түзүүчү жана жаратуучу өзгөчөлүгү тууралуу кубануу менен ырдайт.

"Жакшы кыз", “Аялдын жакшысы”, "Эмеспи" деген ырларында “акыл менен баамдалган жана фантазия аркылуу чагылдырылган” идея берилет. Аталган ырларда Барпы кылдат тандалып алынган сөздөрдү пайдаланып, адам жана табият сулуулугун чагылдырат. Анын пикиринде, табияттын өзү сулуу жана көрктүү: “Каз айланып кетпеген, көлү сонун кыргыздын. Как өрүгү курмадай, чөлү сонун кыргыздын. Колхоз малы жайлаган, төрү сонун кыргыздын» [4, 271-272]. Кыргыз жери жана анын жаратылышы сонундук катары кабылданат. Акындын оюу боюнча, ырларды жаратуусунун негизги стимулу болуп табияттын сырларын ачууга болгон каалоосу, адамды жана анын жашоосунун маңызын түшүнүү аракети эсептелет. Айрыкча, аялдардын сулуулугуна (негизинен эле адамдын өзүнө) суктанып, акын сулуулук жана сонундук түшүнүктөрүнүн маңызын ачууга аракет жасайт. Сулуулук – бул табияттын жана адамдын калыптангандыгы, барлыгы, жашап турушу: "Суунун көркү тал болот. Сулуунун көркү кал болот". Акын өзүнүн чыгармалары аркылуу адамдагы эстетикалык кыжалаттанууну пайда кылат. Сулуулук – бардык буюм-нерселердин, кубулуштардын гармониялык айкаштыгы, алардагы карым-катнаштын дал келүүчүлүгү, “аты менен затынын” биримдиги. Ал эми адамдагы сулуулук – анын акылы, билими, адеп-ахлагы, жөндөмдүүлүгү жана чеберчилиги. Акын мындай дейт:

Тоонун көркү буйладыр,
Адамдын көркү илладыр.
Калкка чечен көрсөткөн,
Акыл менен билимдир [3, 160-161].

Адам билими жана акылы аркылуу көп нерсеге жетишет, ал тапкычтыкты, изденүүчүлүктү өзүнө калыптандырып, ар кандай кыйынчылыкты жеңе билет, мындай инсан сулуу деп аталат. Аялдын сулуулугу анын сылыктыгынан, сезимталдыгынан көрүнсө, эркектики – баатырдыгы, туруктуулугу, принципиалдуулугу, марттыгы, улууларды урматтоосунан билинет.

Эр жигиттин жакшысы
Жылдан жылга чыңалат.
...Кайраты артык шер болот,
Калкына пейли кең болот,
Кадырлуу сөзү эм болот [3, 63].

Барпы акын моралдык баалуулуктарды адамдын интеллектиси менен биримдикте карап, сонундук, сулуулук жөнүндөгү идеяны берет. Сонун түшүнүгүн талдоо аркылуу адамдын сулуулугу анын конкреттүү иш-аракетинен улам көрүнөрүн белгилейт. Акыл жана эмгек ишмердүүлүгүнүн натыйжасында сулуулук жана сонундук жаралат. Демек, сонундук – адамдын ички жана сырткы, руханий жана эмгек ишмердигиндеги биримдик.

Эмгек ишмердүүлүгү – адамдын коомдук-маанилүү активдүүлүгүнүн негизги түрү. Эмгекте жана эмгек аркылуу адам коомдук болмуштун катышуучусу катары өзүн өзү сезүү мүмкүндүгүнө ээ болот, эмгеги үчүн кубанууну жана сыймыктанууну башынан өткөрүп, туюп-сезе алат, жараткан нерсесинин сулуулугуна, баалуулугуна ырахаттанат. Барпы Алыкуловдун байкоосунда, эмгек – сонундук, башкача айтканда, адамдын эмгек ишмердүүлүгү – сонун. Эмгексиз адам жашоосунун маңызы болбойт, эмгек гана адамга бакыт жана кубаныч алып келет: “Эркиндик бостонуна, киргениме кубанам. Жаркырап жаңы таңда, жүргөнүмө кубанам. Биргелешип иштеген, жумушума кубанам. Чарчасам да көөнүм ачык, турмушума кубанам [4, 233].

Же болбосо: “Сонундуктун касиети болуп эмгектин өзү эсептелет, ал эркин, чыгармачыл жана коомдук маанилүү ишмердүүлүк катары “эмгек жана интеллектуалдык күчтөрдүн оюнунда” ырахат тартуулоочу” [6, 272] болуп эсептелет. Барпынын ою боюнча, сырткы сулуу көрүнүш менен адеп-ахлактын ортосунда гармония болушу керек, мындай учурда гана адам сонун. Адамдагы изгилик катары таанылган кайраттуулук, марттык, ишенимдүүлүк, принципиалдуулук, туруктуулук бирдей эле убакта жакшылык жана сонундук. Барпы Алыкулов сырткы сулуулук ички жан дүйнө менен төп келгенде гана адамда сонундук пайда болорун айтат. Башкача айтканда, адамдагы сонундук – моралдык жана дене түзүлүшү жагынан калыптангандык, адеп-ахлак менен келбет-түзүлүшүнүн шайкештиги. Инсан кайраттуу, туруктуу, сылык, акылдуу болсо, анда ал – сулуу, б.а., адамдын интеллектисинин өнүгүшү, анын жөндөмдүүлүгүнүн калыптанышы, практикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжасынын көрүнүшү.

Кыргыз элинин поэтикалык мурастарында жакшылык менен сонундук тыгыз байланышта интерпретацияланып келген. Барпы Алыкулов да ошол традицияны улап, сонундук менен жогорку нравалуулукту биримдикте талдоого алат. Адамдын моралдык сапаттары жакшылык ("Ариет менен намысты алган жигит жакшы экен") жана сонундук ("Адам сулуу жаамиден, ашыгларды сагынтат") катары белгиленет.

Демек, акындын этикалык жана эстетикалык көз караштары өз ара биримдиктеги бүтүндүк катары көрүнөт. Анын сонундук жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрүндө негизги объект катары адам алынат. Ал интеллектуалдык жактан жогору болгон нравалык баалуулуктарды алып жүрүүчү. Мисалы, "Аялдын жакшысы" деген ырында аялдын сулуулугуна суктанып, аны сүйүү менен акылдуу, сулуу, адеп-ахлак жагынан жогору болгон инсан катары баалайт. Ал жөнүндө акын минтип ырдайт:

Желпине чыгып жаркырап
Суйсаласың, өзгөчөм.

...Күнгөйдөгү ачылган
Гүлкайырсың, өзгөчөм. [4, 205-206].

Акын адамдагы сонундукту анын энергиясы, активдүүлүгү, руханий жактан калыптангандыгы, аң сезимдүү ишмердүүлүгү менен байланыштырат. Дене түзүлүшү жана акыл жагынан калыптануусу – адамдын реалдуулукка карата чыгармачыл, ишмер болуусу дегендик.

Ошентип, Б.Алыкулов боюнча, сонундук – өзүнө жогорку нравалуулукту жана эстетикалык бүтүндүктү алып жүргөн адамдын социомаданий жактан калыптанышы жана өнүгүшү. Орустун улуу жазуучусу Н.Г.Чернышевский: “Сонундук – бул жашоо”, - деп жазгандай, кыргыз элинин акын-ойчулдары да жашоонун өзүн баалуулук, сонундук катары түшүнүшкөн.

Барпынын чыгармачылыгы да андан четте калган жок. Совет дооруна чейинки турмуштун өзү социалдык теңсиздик катары болсо да, жашоону сонундук катары баалай алган. Анын көз карашында, өмүр – сонун, ал кайталангыс баалуулук. Ал: “Өмүр деген – жыргал күн, өмүр – жандын үмүтү”, - деп баа берет.

Ойчул адамдын сулуулугун жана жаратылыштын түрдүү кубулуштарын сүрөттөп, аларды карама-каршы түшүнүктөр менен салыштырууга жетишкен. Ал образдуу түрдөгү салыштырууларды жасап, көрксүздүк аркылуу сонундукту сүрөттөйт. Көрксүздүк түшүнүгү адамдардын мүнөзү жана жүрүм-туруму аркылуу чагылдыруу табат. Адамдардагы жалганчылык, бузуктук, ач көздүк ж.б.- көрксүздүктүн чагылышы. Ал эми коомдогу көрксүздүк – адамды адам эзүү, биринин эмгеги менен экинчиси күн көрүү, адамдардын укуктарынын жана эркиндигинин чектелиши. Адамдагы көрксүздүк – руханий жан дүйнө менен сырткы келбеттин шайкештигинин жоктугу, дисгармониясы. Инсандын адеп-ахлагынын жана жан дүйнөсүнүн кемтиги сырткы сулуу келбетине тескери таасирин тийгизет. Анын тигил же бул жүрүм-турумунан көрүнүүчү терс сапаттары баалуулукту жоготот, асыл наркын төмөндөтөт. Бул – көрксүздүктүн үстөмдүгү.

Табияттагы көрксүздүк Барпынын “Шамал” деген ырында чагылдырылат. Шамал жаратылыш стихиясы катары сүрөттөлүп, анын оң жана терс жактарын талдоого алат. Акындын пикиринде, эгерде шамал талкалоочу кубулушту пайда кылса, анда ал – көрксүз, ал эми пайдалуу жагы болсо, аны сонундук катары баалоого болот. Ошондуктан көрксүздүк – бүтүндүктүн бузулушу, өзүнүн оң маанидеги сапатынын жок болушу. Белгилүү бир мезгилде жаратылыш кубулушу оң таасирин тийгизсе, мезгилдин өтүшү менен анын маани-маңызы өзгөрөт жана көрксүз болуп калат. Акындын оюнда болмуштун жеке кубулуштары, буюм-нерселери (маңызы боюнча сонун болуп тургандар) өзүнүн баалуулугун жоготот, бар болуп турган сапатынан айрылат, мааниси жок, керексиз болуп калат, бул - көрксүздүктүн үстөмдүгү.

Инсандын моралдык баалуулуктарды кеңири түрдө өздөштүрбөөсү, эстетикалык жана этикалыктын бири бирине дал келбөөсү - адамдын болмушунун көрксүздүгү. Анын коздукту кабылдай албагандыгы, табияттын көп түрдүүлүгүн жана түстүүлүгүн аңдабагандык – көрксүздүк. Демек, көрксүздүк – хаос жана стихия, белгилүү бир ченемден чыгуусу, шайкештиктин жоктугу, ал эми сонундук – реалдуулуктагы тартиптин, улануучулуктун жана гармониянын болушу.

Акындын ырларында хаос менен гармониянын карым-катнашы аркылуу “жакшынакай”, “керемет” жана “түрү суук” түшүнүктөрү ачылып берилет. Адамдын сырткы келбети менен нравалык маңызынын ортосунда гармония болушу зарыл, ушундай да гана ал көрктүү, “жакшынакай” боло алат. Адамдагы эрктүүлүк, эр жүрөктүк, айкөлдүк, принципиалдуулук, шертке бектик жакшылык катары болуу менен, ал коздук, көрктүүлүк да болот. Сырткы суктандыруучулук адамдын ички дүйнөсү менен айкалышканда гана баалуулук катары көрүнөт, башкача айтканда, адамдагы коздук – бул дене түзүлүшү менен моралдык-нравалык жактардын

калыптанышы. Эр жүрөк, сылык, акылдуу адам – сулуу. Сулуулук адамдын интеллектиси жана ишмердигинин практикалык жөндөмдүүлүгү, ал – моралдык сапаттардын жогорку деңгээли жана алардын сырткы көрктүүлүк менен айкалышы.

Сулуулук түшүнүгү Барпыда сүйүү лирикасы аркылуу ачылат. “Тартип”, “Ак Дилбар”, “Мырзайым”, “Буракжан”, “Лөлүкан”, “Ак жылдыз”, “Мөлмөлүм”, “Арзыкан” деген ырлары ушул багытта жазылган. Барпы аялзатын жогору баалап, акылын, нарктуулугун, адамгерчилигин, сулуулугун, самбатын даңазалаган.

Б.Алыкуловдун эстетикалык көз караштары турмуш чындыгы аркылуу калыптанат. Көркөм сөздүн чеберинин негизги эстетикалык учуру жана максаты болуп жашоонун, адам эмгегинин сулуулугун гана көрсөтүү эмес, адам сүйүүсүн да билдирүү эсептелет. Сүйүү - акындын оюу боюнча, адамды шыктандыруучу ыйык, көтөрүңкү сезимдер. Бул сезимдер акынга жакын болчу. Ушул ыйык сезимдердин күчү менен акын жашаган, чыгармаларын жараткан, айрыкча, жашоосунун оор учурларында ал аркылуу кубат алган. Лирикалык ырлары аял менен эркектин, жалпы эле адамдар ортосундагы сүйүүнүн ыйыктыгын, көтөрүңкү маанай жаратарын билдирет. Сүйүү тууралуу чыгармалары гуманисттик идеалдарды, эркиндикти, абийирди бекемдөөнүн жолу болгон. “Сүйүүсүз жашоо жок. Сүйүү сезимин айтып түгөтө албайсың, ал бүтпөс тема. Дүйнөдөгү улуу иштин баары сүйүүнүн урматына арналган. Аалам да, адам да сүйүүдөн жаралган, сүйүүнүн өзү түбөлүк” [1, 504], – деп, Чынгыз Айтматов жазгандай, Барпы Алыкуловдун сүйүү лирикасы да ошондой түбөлүктүү, өлбөс болуп калды.

Акындын көркөм дүйнөтаанымында поэзия өзгөчө роль ойногон. Ал искусствонун жогорку түрү катары сөз аркылуу берилет жана реалдуу жандуу болмушту жаратат. Адамдын ички жан дүйнөсү, абалы, кыжалаттануусу, маанайы поэзиянын чагылдыруусунун предмети. Поэзияда акындын позициясы ачыкталып, жалпы угуучуларга жеткиликтүү болуу максатын коет.

Барпынын доорунда поэзия жөн гана искусствонун түрү катары болбостон, ал философиялык мүнөздө болуп, кыргыз элинин коомдук аң-сезиминин калыптанышына зор таасирин тийгизген. Барпынын эстетикалык көз караштарынын маанилүү жагдайы катары анын поэзиянын өзүнө карата мамилеси эсептелет. Ал минтип ырдайт:

Ыр дегенде өлөмүн,
Ырды жандай көрөмүн.
Ышкылуу сөздү ыр менен,
Ылгап кумдай бөлөмүн [3, 19].

Акындын оюнда: эгерде адам өзүнүн жашоосун поэзияга арнаса, анда ал ошол искусствонун чебери болушу зарыл: “Ырчы болсоң - төкмө бол, ак жаандай себелеп". Поэзия мезгилдин талабына жооп бергенде гана ал чыныгы сүйүүчүлөрдү, күйөрмандарын табат. Барпынын ырлары элдин ой-пикирин, мүдөөсүн чагылдырууга жетишип, көпчүлүктүн колдоосуна ээ болгон. Анын чебер ыр жаратуучулугу, төкмөчүлүгү, оптимисттик маанайы ырларында орун тапкан жана кеңири таанылууга жетишкен, алар бүгүнкү күнү да кеңири белгилүү бойдон калууда. Барпынын түшүнүгүндө чыгармачылыктын негизги милдети – табият кубулуштарын жана адам болмушун туура чагылдыруу. Ал: “Ак кымкаптан тон албайм, ак күмүштөн сом албайм! Ар кимди барып бир мактап, ары жок ырчы боло албайм!”, - деп жалпы элдин кызыкчылыгын жеке инсандыктан жогору коет. Ырчынын негизги милдети чындыкты, реалдуу турмушту ырдоосу керек, ошондо гана ал “ырчы”, “акын” деген наамдын татыктуу ээси боло алат. Акын мына ушуну аңдап билип, “сөздү сөзгө кынай билүүнү”, “алтынды көрүп алданбай”, ырды жаккан, уккан жана аны баалай алган адамга ырдоону сунуштайт. Ырды белгилүү бир убакта, зарылдыгы болгондо, муктаждыкка карап ырдоону белгилейт жана чындыкты гана айтууну өтүнүп кетет. Натыйжада, акын өзүнүн ырларынын тагдыры жөнүндө ойлонот, аларга өлбөстүктү жана ийгиликти

тилеген: “Калар бекен калкымда, азбы, көппү ырларым. Канат кылып өзүнө, карыбас күндүн нурларын” [3, 25].

Мындан сырткары, акындын ырларында эстетикалык чындыктын түрдүү картиналары түстүү боектор менен берилген. Адамдын сулуулугун жаратылыштын көп түрдүүлүгү аркылуу чагылдырат. Табияттагы сонундукту жогорку деңгээлде көркөм образдар менен берүүгө жетишет. Анын ой жүгүртүүсүндө табияттын кооздугу адамга таасирин тийгизет жана ой жүгүртүүсүндө кооздук, сонундук жөнүндөгү идея жаралат.

Барпынын ырларында адам жана жаратылыш эч бир кошумча кооздоолорсуз сүрөттөлөт, башкача айтканда, реалисттик түрдө берилет. Ошентип, акын көптөгөн чыгармаларында искууствонун жогорку формасы болгон поэзияга карата өзүнүн пикирин билдирет. Поэзия элге кызмат кылуусу керек, анткени ал (бүтүндөй искусствонун өзү да) эл тарабынан жаратылат жана негизги максаты катары элдин турмушун жакшыртууну алдыга коет. Барпы да поэзиянын ыйыктыгына ишеним менен караган жана өзүнүн төкмөчүлүк өнөрүн негизги иши катары билген.

Демек, Барпы Алыкуловдун сулуулук жана анын жогорку формасы катары каралган сонундук жөнүндөгү ойлору кыргыз элинин эстетикалык дүйнөкабылдоосуна кошкон чоң салымы боло алды. Ал атайын билимдери жоктугуна карабастан, образдуу түрдө (стихиялуу формада) сонундук менен көрксүздүктүн, жакшылык менен жамандыктын, сүйүү менен жек көрүүчүлүктүн, берилгендик менен чыккынчылыктын диалектикалык байланышын көрсөтүүгө жетишкен.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Т. 8. – Б.: Учкун, 2009. – 504 б.
2. Алыкулов Б. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы. – Ф.: Кыргызстан, 1970. – 311 б.
3. Алыкулов Б. Тандалмалар. – Ф.: Кыргызстан, 1984. – 272 б.
4. Алыкулов Б. Чыгармалар. Биринчи том. – Б.: Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы ред., 1995. – 320 б.
5. Кыргыз поэзиясынын антологиясы: 2 томдон турат: 1-китеп. /Түз. К.Жусупов. – Б.: “Кыргызстан – Сорос” фонду, 1999. – 740 б.
6. Эстетика: Словарь. – М.: Политиздат, 1989. – 349 б.